Кыргыз тили жана адабияты боюнча райондук / шаардык олимпиаданын тапшырмалары (кыргыз класстары үчүн). 1-күн.

ЖООПТОР

1-тапшырма. Б. Усубалиевдин “Бука” аттуу повестинен алынган үзүндүнү кунт коюп окуп чыккыла жана ага карата берилген суроолорго кыска, так жооп бергиле.

...Титиреп кетти Мурат. Балапандай тырпырап кетти. Эс тарткан күндөн тартып эле өлүм менен аралашып келет. Өлүм деген сөздү угуп келет. Көмгөнгө деле далай барбадыбы. Бала чагында деле далай барган. Бирок өлүм эмне экенин билбеген. Адамдын өлүмү деген эмне экенин түк элес алчу эмес. Тырпырап каларын гана билди. Дал ошол бала чагында билди. Жайылган буудайды кайтарып, эшиктин алдында отурган. Колунда – рогатка. Бир кезде топ чымчык учуп келип, жабыла буудайга конуп калды. Бирөө өзгөчө койкоңдойт. Мээлеп туруп, берип калды. “Быр-рр” этип уча жөнөдү чымчыктар. Бирөө уча албай калды. Сүйүнүп чуркап барган. Барган да, бир силкинип титиреп кеткен Мурат. Тырпырайт. Тырпырап жатат. Ушу тырпыраганы Мураттын эсин эңгиреткен. Учургусу келген. Колуна алган да, көккө аяр ыргыткан. Талп эте жерге түшүп, солуп жатып калган. Кайра колуна алган, башы шылк дей түшкөн. “Учсаң эми, уча гой… Оңой эле да… Учуп кетсең эми…” – Шылкылдаган башка ушинтип жалбарган Мурат. Анан балапанды башын шылкылдатып колуна бекем мыкчып алганын унутуп, аны асманга учуруп жибергендей көктү карап, кайра тыбырчылаган: “Учуп кетсең эми… Оңой эле да… Уча гой…” Ушу маалда атасы келген да: “Балапан экен да… Өлүп калган тура…” – деген башын чайкай. Урушкан эмес, урушууга дарамети жетпегендей, жөн эле ушинтип алсыз шыбыраган. Муратты караган эмес, алаканындагы башы шылкылдаган балапанды карап туруп, ушинтип шыбыраган. Билген эмес Мурат, өлүм деген чымчыкты тырпыратып учурбай коёрун билген эмес. Аны үч элес ээрчип алган: балапандын тырпыраганы, уча албай койгону, анан башы шылк дей түшкөнү. Дайыма алаканын тигиле карап калчу. Балапанды учурайын деп кармаган колунун алаканын. Ошо алаканы балапандан ажырагандан кийин ысып чыккан. Дем алып, кандайдыр бир өзгөчө жалын бүрккөндөй болгон. Ооба, алаканы кадимкидей эле дем алган.

1. Мурат көзү менен эмнелердин сүрөттөрүн тартып алып, аларды өзү менен кошо алып жүрөт? Эмне үчүн?

Жооп: Балапандын тырпыраганын, анын уча албай койгонун, башы шылк дей түшкөнүн тартып алган. Бул Мураттын эркине баш ийбейт, алар жогорку окуядан кийин карекке өзүнөн өзү эле орноп калат, Мурат өмүр бою алардан кутула албайт.

2. Текстте кимдер, эмнелер бар? Алардын баары биригип келип эмнени түзөт?

Жооп: Балапан, Чоң Мурат, Бала Мурат, ата, буудай, рогатка, чымчык, алакан, өлүм; окуя, бул окуяны чагылдырган тил каражаттары; автор (жазуучу) жана окурман. Булардын баары биригип келип текстти түзөт.

3. Текст кайсы стилде жазылган, анын ошол стилде жазылгандыгын кантип далилдээр элеңер?

Жооп: Колдонулган тилдик каражаттары, тексттин максаты, жанры (формасы) аркылуу жогорудагы тексттин көркөм стилде жазылгандыгын далилдесек болот.

4. Текстте канча Мурат бар, алар кимдер, бир эле кишиби?

Жооп: Текстте эки Мурат бар: Бала Мурат жана Чоң (азыркы) Мурат. Бир эле киши, бирок жан дүйнөлөрүндө айырмачылык бар экени айкын болуп турат.

5. Сүйлөмдөрдүн түзүлүшүнө көңүл бургулачы, эмне үчүн ушундай түзүлүштөгү сүйлөмдөр колдонулган деп ойлойсуңар?

Жооп: Негизинен, жөнөкөй сүйлөмдөр колдонулган. Алар үзүлүп, аягына чыкпай калгандай таасир калтырат. Тексттин мындайча түзүлүшү баланын ички уйгу-туйгусуна, психологиялык ал-абалына, чыңалуусуна дал келет.

6. Мурат эмне үчүн балапанды өлтүрө атты?

Жооп: Муратта чымчыктарды атайын, өзгөчө бирөөсүн өлтүрө атайын деген ой жок болчу. Болгону, кайтарып отурган буудайынан чымчыктарды учуруп жиберейин деген. Бирок арасынан бирөөсүнүн өзгөчө койкоңдогону анын балалык канын кызытып жиберген. Муратта өлтүрөм деген кыпын да ой жок болчу, таш тийсе балапандын өлүп калары жөнүндөгү ой Мураттын үч уктаса да түшүнө кирмек эмес: Мурат балапан чымчыктай эле балапан болчу...

7. Эмне үчүн Мурат дайыма алаканын тигиле карай берет, эмне үчүн анын алаканы ысый берет? Чоң Мурат азыр алаканын карап, анын ысыганын сезет болду бекен?

Жооп: Алаканда балапандын сөөгү, үзүлө элек, ысыгы сууй элек денеси, баарынан да Мураттын жабыркаган жүрөгү, будуң-чаң түшкөн жан дүйнөсү жатат, балалык чагы менен коштошуусу жатат. Азыр алаканын карап, анын илебин сезбей коё албайт Мурат. Бул психологиялык жагдай, ал-абал, дүрбөлөң Мураттын эркине баш ийбейт, бул эчак эле анын жетегинде калган, ошол үчүн Мурат адам катары жашап жатат.

8. Окуялар кандай ык-амалда жайланышкан, берилген деп ойлойсуңар?

Жооп: Окуя ретроспекциялык жайланыш ыкмасында берилген, анткени мында эске салуу, башынан кайра түшүү ыкмасы колдонулган, мындай окуяны артка кайруу ыкмасы ретроспекциялык ыкма болуп саналат.

9. Эмне үчүн жазуучу балапандын өлүмүн ушунчалык майдалап жазган?

Жооп: Мындайча баяндап берүүнү ошол учурдагы жагдай – Бала Мураттын өлүм эмне экенин биринчи жолу жон териси менен сезип, жан алакетке түшкөнү – талап кылып турат.

10. Автор кандай көркөм сөз каражаттарын, көркөм ыкмаларды колдонгон, тексттен алынган мисалдар аркылуу далилдеп көрсөткүлө.

Жооп: Көркөм ыкмалардан кайталоону, сүйлөм мүчөлөрүнүн адаттан тыш орун тартибин колдонгон (Титиреп кетти Мурат; Барган да, бир силкинип титиреп кеткен Мурат ж.б.; Тырпырайт. Тырпырап жатат. Ушу тырпыратканы Мураттын эсин эңгиреткен ж.б.; Көркөм сөз каражаттары: тырпыроо, “быр-р”, силкинип титирөө, шылкылдаган, койкоңдогон, гой ж.б.).

11. Эмне үчүн атасы Муратты урушкан жок деп ойлойсуңар?

Жооп: Мунун эки себеби бар: биринчиден, балапандын өлгөнүн билгенде (өлүгүн көргөндө) өлүм эмне экенин билген кыраакы ата өзү да селт этип, дапкаарып, эмне дээрин билбей калды; экинчиден, баласынын жан айласы кетип, күйпөлөктөп жатканын көрүп, аны ого бетер сындыргысы келген жок, ансыз деле бала мындан чоң сабак алганын түшүндү.

12. Тексттеги негизги идеяны эмнеден көрөсүңөр?

Жооп: Баланын ойгонушунан көрүүгө болот. Буга чейин өлүм дегенди көп эле угуп, а түгүл, ага аралашып эле жүргөн бала бүгүн гана өлүмдүн эмне экендигин чындап билип отурат, жон териси менен сезип отурат. Муну аң-сезимдин, өзгөчө жан дүйнөнүн ойгонушу катары кароо абзел.

2-тапшырма. А. Осмоновдун “Жибек кийген эрке кыз” аттуу ырын кунт коюп окуп чыккыла жана ага карата берилген суроолорго кыска, так жооп бергиле.

Жамгыр жаады, жамгыр жаады шатырап,
Күн күркүрөп, чарт-чурт этип чатырап,
Шуу-шуу эткен легковойдун бооруна
Балчык тийип, жамгыр суусу чачырап.

Жибек көйнөк сулууча кыз энтелейт
Жамгыр кантсин, жаба куюп эркелейт,
“Ай булганды, ай бузулду көйнөгүм,
Жайдын жааны жаабай койсо эмне?” – дейт.

Тоо алдында колхозчу ата кубанат,
Жай булуту үстү-үстүнө куралат.
“Дан көбөйүп, эрке кызым кулпуруп
Жибек көйнөк кийсе экен”, – деп суранат.

20. 12. 1945-жыл, Кой-Сары

1. Ырдын аталышынан полисемиянын кайсы түрүн жолуктура алдыңар, аны ошол микротекстте (сапта) лингвистикалык гана кубулуш катары кароого болобу?

Жооп: Бул сапта “жибек” деген метонимия бар, ал өзгөчө бир ыргакты, мукамдуулукту жаратып, көркөм сөз каражаты катары да колдонулду.

2. Эмне үчүн биринчи куплетте тууранды сөздөр жыш колдонулду деп ойлойсуңар?

Жооп: Жамгырдын катуу жааганын, мындай учурдагы айлана-чөйрөнүн абалын даана, реалдуу берүү үчүн автор тууранды сөздөрдү көп колдонууга мажбур болгон.

3. Жамгырга карата автор кандай көркөм ыкманы колдонгон?

Жооп: Жандандыруу, тактап айтканда, адамдаштыруу көркөм ыкмасын колдонгон. Бул саптагы жамгыр асмандан түшкөн жөнөкөй гана суу тамчысы эмес, ал – жандуу, адамдаштырылган, адам сындуу эркелей алган, болгондо да кимге эркелешти билген жароокер жамгыр. Буга байланыштуу “эркелейт” сөзүн индивидуалдуу, поэтикалык метафора, акындын көркөм табылгасы катары кароого болот.

4. “Энтелейт” сөзү кандай маанини туюндурат, ал бул сапта уйкаштык үчүн гана колдонулганбы?

Жооп: Энтеле – абдан шашкалактап энтигүү, чый-пыйы чыгуу. Ал “эркелейт” сөзү менен уйкашып, белгилүү бир ыргакты камсыз кылып турат. Бирок ал бул сапта сырткы уйкаштыгы жагынан гана эмес, ички мазмуну жагынан да “эркелейт” сөзү менен жалпылыкты түзүп, жамгырдагы кыздын физикалык гана эмес, психологиялык да ал-абалын, маанайын, ички жан дүйнөсүн да чагылдырып турат. Чындыгында, кыз көйнөгүнүн булганганына карабай жамгырга эркелеп да келатат, андыктан “энтелейт”, “эркелейт” сөздөрүн синонимдеш катары карасак болот.

5. Жамгыр менен кыздын окшоштугу эмнеде?

Жооп: Жамгыр менен кызды окшош гана эмес, бүтүн бир эле нерсе катары карасак болот. Анткени экөө тең – жаратылыштын эле өзү, экөө тең жаратылыштай тунук, аруу жана табигый.

6. Кыз менен колхозчу атаны бириктирип турган нерсе эмне?

Жооп: Жамгыр. Бирок ал кыз менен колхозчу атаны ажыратып да турат.

7. Акыркы куплетте эмне үчүн “жамгыр” сөзү жоголуп кетти, колдонулбай калды деп ойлойсуңар? Анын ордуна кайсы каражаттар колдонулду?

Жооп: “Жамгыр” сөзүн акын ички муктаждыктан улам атайы колдонгон жок, тактап айтканда, тунуктуктун, аруулуктун жана табигыйлыктын символу болгон жамгырдан болгону материалдык байлыктын булагын көргөн колхозчу атага акын “жамгыр” сөзүн ыроологусу келген жок, чындыгында, ыроолого дити барбады. Бул куплетте жамгырдын төгүп жатканы “жай булуту үстү-үстүнө куралат” деген сап аркылуу берилди.

8. Кыз жамгырдан эмнени көрөт, колхозчу ата эмнени көрөт?

Жооп: Кыз жамгырдан тазалыкты, аруулукту, сулуулукту көрөт, ал жамгыр менен жуурулушуп кетип, бир бүтүндүктү түзүп турат. Колхозчу ата жамгырдан материалдык береке, байлыкты көрөт, ал жамгырга көр оокаттын, көр тириликтин көзү менен гана карайт, жашоо тажрыйбасы, муктаждыгы аны буга аргасыздандырып салган.

9. Кыз менен колхозчу атага акындын мамилеси кандай: кимисин жактайт да, кимисин жектейт?

Жооп: Акын экөөнү тең жактабайт да, жектебейт да, бирок экөөнү тең аяйт, экөөнө тең боору ооруйт.

10. Акын ыры аркылуу адам баласындагы кандай өксүктү, алсыздык менен байкуштукту берген деп ойлойсуңар?

Жооп: Адам баласы кандай гана кыйынчылык болбосун, аны көтөрүүгө, жеңүүгө жөндөмдүү, жарактуу жан болсо да, аз өмүрүндө бара-бара көр тириликтин, көр оокаттын бороон-чапкынына туруштук бере албай калат экен, анан өзүнүн аруулугунан, тунуктугунан жана табигыйлыгынан (түбүнөн) алыстап, ажырап, баарын көр тириликтин, көр оокаттын көзү менен карап калат тура.

11. Акын кыз тагдырына эмне үчүн кооптонот?

Жооп: Кыз да өзүнүн жамгырдык (тунуктук) касиетинен ажырап, колхозчу атасынын кейпин кийип калабы деп кооптонот.

12. Бул чыгарма жамгыр жөнүндөгү ырбы?

Жооп: Жок, жамгыр болгону сырткы турпаты гана. Ыр – адам баласынын көр оокаттын алдындагы алсыздыгы, байкуштугу, тактап айтканда, адамдын адамдык трагедиясы тууралуу чыгарма. Баарын көтөрүүгө, жеңүүгө жарактуу жан – адам – ушул болбогон бир көр тириликтин, көр оокаттын кулчулугунан канткенде бошоно алат, деги эле бошоно алууга кудурети жетеби? Акын жашообуздун маңызын түзгөн мына ушул өтө жөнөкөй суроону кыйыта коёт, бул суроо үчүн жүрөгү канап, бушайман болот.